Эскерүү

## Жолон МАМЫТОВ:

# "Кайра баштан бул жашоого жолугам..."



**1963-жылдын 22-майы эле. Обкомдун агартуу үйүндө түштүктөгү адабий бирикмелерди баш коштурган жаш акын жазуучулардын уюштуруу чогулушу болгон.**

Чогулушту Ош облустук "Ленин жолу" (азыркы "Ош жаңырыгы") гезитинин редакторунун орун басары Т.Жыргалбеков кириш сөз менен ачкан. Бул жыйынга Кызыл-кыя, Сүлүктү, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгактын шахтерлорунун, Араван, Карасуу, Сузактын пахтакерлеринин, Алай, Токтогулдун малчыларынын арасынан 60тан ашык таланттуу жаштары келишкен болчу. "Жаш таланттардын азыркы кездеги милдеттери" - деген темада жазуучу Таш Мияшев доклад жасаган. Мага тынчтык бербеген таасир, Ош пединститутунун филология факультетинин ага окутуучусу Жээналы Шериевден кийин трибунага көтөрүлгөн Карасуу районундагы "Катта-Талдык" асыл тукум кой өстүрүүчү совхоздун башкы ветврачы Жолон Мамытовдун чагылгандай чартылдаган учкул элеси болду.

Эки колу менен трибунанын эки кырын мыкчый кармап, досу Турар Кожомбердиевдин эки куплет ырын зал ичин жаңыртып жатка айтып салды. Ал ырдын аяккы эки сабы:

**"...Айга колум жетсин деп,**
**Тамга чыгып карадым".**

Жаш акындарга таасир, эргүү бере турган ырларды тандап окуу-

ды Карасууда баары эле ала беришпейт. Ошондон Жолон ыр жазып жатты бекен дегендер болот...". Жолон ушул каадасынан 1972-жылга чейин жазбады. Анткени ушул жылы 1-апрелден (Жолондун туулган күнүнөн) облустук телерадио комитетинде иштеп калдым. Көрсө Жолон Мамытов ушул жамаатта башкы редактордун орун басары болуп иштеп калып, менин келишиме себепчи болгон экен. Бул чыгармачыл жамаатта иштөө жооптуулугу Жолондун мага көрсөткөн ишеними менен тең тайлашып турду.

"Жакынкы суунун баркы жок" деген накыл кеп төгүн жерден чыкпаган экен. Облустун телерадио комитетинде Сабыралы Кулуев, Курбаналы Сабыров, Азиз Исмаилов, Бедел Молдобаев, Мырзаш Аширбеков сыяктуу калемгерлердин башын кошкон Мамытов болгону жашырын эмес. Дүйшөмбү, жума күндөрү жаңы жазылган чыгармалар окулуп, биринен сала бири көбүрүп-жабырып калганда бөлмөнүн ичинде эле "Ош кайрыктар" жаралып калчу. Ошондогу жогоркудай чыгармачыл адабий "кучка" кийинки кыргыз адабиятынын белдүү инсандарын, классиктерин учурарын кайдан билдик. Жолон "Кыргызфильминин" башкы редакторлугуна которулуп кеткенде

Мен өзүмдү кепете=кешпирим менен өтө ыңгайсыз сезип, колумду аарчып, учураша албай кыйнала түштүм. Жокем болбой эле бизге дем-күч берчүү сөздөрүн айтып атты:

-Борборго келип өзүнчө салып атыпсың, уктум. Он-он беш жылдап Окемдердин үйлөрүндө квартирант болуп жашагандарга салыштырмалуу, сеники эрдик, азаматсың! Үйүңө өрүлүктөп деле бара албай атабыз, капа болбой тургула, үйдү бүтүрө берчи....

Мен Жолонду бираз ары узатып калдым.

Кийин "Кыргызстан маданияты" жумалыгында бөлүм башчы болуп иштеп турганда Жолон Мамытовго Кыргызстан жаштар сыйлыгы ыйгарылып калды. Ошондо Маркабай

сың. Жокемдин жүрөгү токтогон сааттан, оопасыз дүйнөң курусун, жерге койгуча табияттын көз жашы тыйылбаганын айтсаң.

Кийинки жылы Жолондун эскерип телевидениянын белдүү журналисти, дили таза жолдош, акын Эркин Тазабеков көрсөтүү даярдап калды. Ага акындардан Өмүрбек Тиллебаев, Сооранбай Жусуев менен мен да катышып калгам. Көрсө телекөрсөтүүгө жандай көргөн күйөрман Жокемдин устаты менен шакирттери тартылган экен. Ошондо Жокемдин өмүрлөш түгөйү Меңди арман кылып калды: "Ушунча жашап коюппуз, мал күтөлү, үй-жай, дача салалы дебей, чыгармачылык деп, иш деп өтүп кетти...". Меңдинин мууну бошоп, сөзүн улай албай калды.

Меңдинин көңүлүн жубатып, сөздү өзүм чубадым:

-Жокемдей идеальный, алысты көрө билген жан болгон эмес. Кыргыз поэзиясында Жолон жүздөгөн шакирттерин түптөп койду. Жолонизм деген кыргыз поэзиясында жоон топ таланттар келатат. Алар Жокемдин арбагын көкөлөтчү, кылымдар бою көөнөрбөс там-ташы, мал-мүлкү эмеспи?

-Жаштарыбыз санаксыз, кыргыздын улуу муундагы акын-жазуучулардан Түгөлбай менен Аалыдан башкабыз Жолонду эскерип ыр жазбаганыбыз калган жок. Кыргыз адабиятында бир да акын Жолондой элдин көңүлүн буралган эмес,

бере турган ырларды тандап окуу керектиги жөнүндө олуттуу ойлорду ортого таштап, өзүнүн "Кырман" деген ырын баш кылып 2-3 ырын азыр эле көкүрөгүн тээп, оозунан көбүрүп-жабырып жаткандай, бүркүт өңдүү шаңшып жиберди. Андай өз ырын көркөм, жогорку деңгээлде жатка окуган автор ал күнү болбоду.

Чыгармачылык тагдыр 1966-жылдын августунан райондук "Эмгек майданы" гезитине айдап келген. Буга чейин республикалык гезит-журналдарга анча-мынча сатиралык аңгеме-юморлорум, макалаларым басылып калган. Ошондонбу райондук басылмада иштөө кыйын болбоду окшойт. Карасуу районунун аймагынан келген калемгерлер менен дидарлашып, жоопкерчилик жогорулай берди. Ушул жамаатта башкы редактор Шабы Жумаевди айтпасам да Куттубай Эрмекбаев, Совет Шералиев өңдүү, белдүү журналисттер менен Ысмайыл Эшмаматов, Айтмамат Үмөталиев, Жапар Молдалиев деген таланттуу акын-жазуучулар менен иштешип калдым. Бирок, "Катта-Талдык" асыл тукум кой өстүрүүчү совхоздун башкы ветврачы Жолон Мамытовдун кээ-кээде редакциябызга келип калышы - жамаатыбызга шаң-шөкөт алып келгендей туюлчу.

Жолон менен ушул жамаатта чын дилден таанышып калдык. Андагы ачык-айрымдык, адамды өзүнө тарта алган жылдызы жалпыбызды өзүнө каратты. Чайханага чыгып чай үстүндө бака-шака түшүп, чер жазылып калганда, жаңы ырларынан окуп кирчү. Чыгармачылык жагдайына кептин нугу бурулганда - биз Жолондун оозун тиктеп олтуруп берчүбүз. Анан "Гезитиңерге чыгарып койгула" деп 3-4 ырын таштап калчу. Жолон менен кыйла сырдаш болуп калгандыктан "Жолон, сенин ырларың жок дегенде облустун, болбосо республикалык басылмаларга ылайыктуу да..." деп айтып атсам, "Жок, менин окурмандарым Карасуу районунда, "Эмгек майданын" ар бир үй-бүлө алат экен. Республикалык гезит-журналдар-

дакторлугуна которулуп кеткенде "Ош кайрыктарындагы" адабий кучканын шаңы басаңдай түшкөнү ашкере болду.

Жолондун "Убакыт", "Отту сүйөм" деген 2-3 жыйнактары чыгып кетти. Отту сүйгөн акын жүрөгү ырсыз жашай албай, мезгил закымындай көркөм, көөнөрбөс учкул саптарды арбытты.

**"Үмүттөр таңды жандап турушууда,**

**адамдар ааламдарды курушууда.**

**Мен сени кичинекей поэзиям,**

**акым жок көз ирмемге унутууга"**, - деп ыйманына калп айтпаган акын жүрөгү толгоосу төп келген комуз кылдарындай сезимдерди тепчиген эргүүлөр менен жаралган санаксыз ыр саптар күбөсү кылды. Учкул ой-саптары чапчыган ырларын, сонеттерин, легенда-баяндарын, өзгөчө публицистикалык поэмаларын эреркебей, толуп-ташпай жөн-жай окуй албай калдык. Ыр окуунун Жолонизм дегидей жаңы усулу тамыр жайды.

**"Көңүл бийлеп тиктей калсам көзүңдү,**

**Көрдүм андан көзү толо өзүмдү.**

**Сен кайтарда булак суусун чакалап,**

**Мен алдыңдан торой чыкчу кезимди...".**

Жолондун поэзиясындагы артыкчылыктар трафареттен качып, көтөргөн теманы көркөм новаторлук менен апогейине жеткире алгандыгында. Бул автордун руханий дүйнөсүнүн бийиктигин, дүйнөлүк адабият таануу билиминин кең диапозонун айкын көрсөтө алат.

Туз насип буйруп (1980-жылдан) республикалык телерадио комитетинде иштеп калдым. Күнү эсимде калбаптыр. Март айы эле, күн бүркөө болчу. Азыркы Эркиндик бульвары менен Москва көчөсүнүн кесилишиндеги эки кабат үй бузулуп, балдарым менен кыш жыйнап жатканбыз. Жогору темир жол вокзалына өтүп баратып Жокем көрүп калыптыр.

-Эй, Мамырсыңбы? Оо, азамат! Молодецсиң го.

гарылып калды. Ошондо Маркабай Ааматов экөөбүздүн куттуктоо телеграммабызды эң биринчи алганын жетине албай айтып жүрдү. Бир жолу маданияттан телефон чалып, ал-ахбал сурашкан соң: "Жазган сатираларыңан алып, эртең келип кетчи редакцияга" деп калды. Эртеси менин "Сюрприз" деген юморлуу аңгемемди жактырып алып, "Мен жазсам сеникиндей чыкпайт" деп сатиралык аңгемеге эки тема эрикпей айтып берди (Анын бирөөсү "Кызыл керек" деген ат менен "Чалкан" журналына чыгып кетти).

Республикалык телерадио корпорациясында (анда ушундай аталып калган) сырдана жолдоштуктун анабашы болгон жазуучу Жакып Медетов болчу. Ошол күнү түшкү чайды демдеп алып, Жолон жөнүндө узак кеп кылганбыз. Анын Кыргыз Университетинде, филармонияда өткөн автордук лира кечелеринин эң жогорку деңгээли, мындай даярдык менен ыр окуу илгери-кийин болбогондугу жөнүндө, кийинки Ч.Айтматов катышкан поэзия кечесин да көркүнө чыгарган Жолон болгондугун жеткире айталбай кыйналып аткан-быз. Илми-кайыптай Жолон кирип келсе болобу. "Мамырдын бөлмөсүндө дайыма чай болот" деген чын тура - деген Жокемдин азил-тамашасы менен бака-шаканын шаңы оожалып кетти. Ал-ахбалдар жөнүндө бир кыйла асиреттештик, азил-тайпы чымчыштык...

...Аттиң-ай армандуу шум дүйнө. Ошондон эки айча өтпөй (паланчанчы жылы деп айтууга ооз барбайт) 7-март күнү Жолондун жүрөгү Москвада токтоптур деген суук кабарды угузбадыбы. Кана, бакырып-бакырып, башыңды койгулап бугуңду чыгарып алсаң ошондо... Кан тамырлар чатырап, баштар маңыроо тартып, эч жерге батпай аттык. Жаш калемгерлердин гана эмес, Жокемдин ыр күйөрмандарынын жүрөктөрү канап жатты. Кыргыз адабияты эңшерилип, жумурай журт мөгдөп калды. Инсандын кадыр-кымбаты ушунда бир билинет тура. Миң мертебе тобо кыла-

дой элдин көңүлүн буралган эмес, - деди Сокем (Жусуев). Тынымга тунжурай түшүп: - Ал деген Жолондогу акындык кудурети менен инсандык теңдешсиз касиетинин биринен бири калышпай жылдыз чапчып турганында.

Сооронбай акенин ошондогу Жолон жөнүндөгү эскерүүсүндө: "биринен бири калышпай жылдыз чапчып турганында" деген сөзү гиперболага окшогон, бирок эмоцияга алдырбаган чыныгы адамдык гуманизм айдыңында ар таянган эки касиет бардык инсандарда боло бербейт". Ушул таасын баа көөдөнүмдө көктөп жүргөн. Жолон Мамытовдун 60 жылдыгына карата кыргыз телерадио корпорациясы көрсөтүү даярдап, ага жазуучу Жолондун көздөй көргөн досу Жакып Медетовду чакырган экен. Жакемдин Жолон жөнүндө ар канча айтса сөзү түгөнбөөчүдөй. Ал күнкү сөздөгү сезимге бүлүк салып, куттай уюп өчпөс болуп калганы бул болду: **"Жолондогудай талант, Жолондогудай адамгерчилик буга чейин болбогон. Ошондуктан анын таланты менен асмандаган кристаллдай адамгерчилигине көз тийди. Көралбастардын назары жаман, ошондойлордун көзү тийди...".**

Арга канча, армандуу дүйнө деп ушуну айтат тура. Бирок Жолондун экинчи өмүрүнө көз тийбесе экен. Анткени кыргыз поэзиясындагы Жолон сайган чырпыктар Алатоо койнун көркКө бөлөп, адабий пафосту диапазонуна жеткире, дүйнөлүк классиктердин кайталангыс, көөнөрбөс дөөлөттөрүн жарата баштады.

**Эр жүрөк тоолуктун балдары,**
**Өлүмдү тепсеген эстелик кургула!**
**Алатоо чындыктын мекени десеңер -**
**Жолондор келатат -**
**ордуңардан тургула!..**

**Мамыр ИМИНЖАНОВ,**
**Кыргызстан жазуучулар жана журналисттер союзунун мүчөсү,**
**Карасуу району,**
**Кадыршан айылы**